ISSN 1694-7649

# НАУКА
## НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА



ISSN 1694-764

ЖУРНАЛ «НАУКА И ТЕХНИКА» ОСНОВАН В 1993 ГОДУ, ПЕРЕИМЕНОВАН В «НАУКА И НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ» В 1996 ГОДУ, ПЕРЕИМЕНОВАН В «НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА» В 2015 ГОДУ, ВЫХОДИТ ЕЖЕМЕСЯЧНО

Республиканский научно-теоретический журнал

# НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА

## № 11, 2016

БИШКЕК – 2016

***Жусупов Рысбай, Жумабай уулу Майрамбек***
КЫРГЫЗСТАНДЫН ТҮШТҮГҮНДӨГҮ ЭЛДЕРДИН ТАГДЫРЫНА ТАРЫХЫЙ САЯСИЙ САРЕСЕП.................................41

***Жусупов Р., Жумабай уулу М.***
ИСТОРИКО- ПОЛИТИЧЕСКИЙ ВЗГЛЯД НА СУДЬБЫ НАРОДОВ ЮЖНОГО КЫРГЫЗСТАНА.........................................41

***R. Jusupov, M. uluu Jumabay***
HISTORICAL AND POLITICAL VIEWS ON THE FATE OF PEOPLES IN SOUTHERN KYRGYZSTAN.................................................41

***Саймидинов С. Б., Акпарова А. Т.***
КЕҢЕШ ДООРУНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮГҮНҮН ОРНОШУ. УЛУТТУК БОШТОНДУК КЫЙМЫЛ...............48

***Саймидинов С. Б., Акпарова А. Т.***
УСТАНОВЛЕНИЕ КЫРГЫЗСКОЙ ГОСУДАРСТВЕННОСТИ В ПЕРИОД СОВЕТСКОГО СОЮЗА. НАЦИОНАЛЬНОЕ-ОСВОБОДИТЕЛЬНОЕДВИЖЕНИЕ.................48

***S. B. Saymidinov, A. T. Akparova***
ESTABLISHMENT OF THE KYRGYZ STATE DURING THE SOVIET UNION.NATIONAL LIBERATION MOVEMENT...............................48

***Токторбекова Н. А.***
XIX КЫЛЫМДАГЫ КЫРГЫЗДАРДЫН СОЦИАЛДЫК ТҮЗҮЛҮШҮ РЕВОЛЮЦИЯГА ЧЕЙИНКИ ОРУС ТАРЫХ НААМАСЫНДА ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ.........................................51

***Токторбекова Н. А.***
ОТРАЖЕНИЕ СОЦИАЛЬНОГО УСТРОЙСТВА КЫРГЫЗОВ XIX ВЕКА В ДОРЕВОЛЮЦИОННОЙ РУССКОЙ ИСТОРИОГРАФИИ.......................51

***N. A. Toktorbekova***
ANALYZES THE RUSSIANHISTORIOGRAFICAL ASPECT OF THE SOCIAL STRUCTURE OF THE KYRGYZ PEOPLE IN THE 19th CENTURY..........51

***Ажимаматова Ү. С.***
ОШ ШААРЫНЫН БАЙЫРКЫ ДООРДОГУ ТАРЫХЫНАН................................................56

***Ажимаматова Ү. С.***
ИЗ ИСТОРИИ ДРЕВНЕГО ГОРОДА ОШ..........56

***U. S. Ajimamatova***
ANCIENT OSH AND IT' S HISTORY......................56

***Калиев А. С.***
ЭТНОСТОР АРАЛЫК МАМИЛЕЛЕРДИ ИЗИЛДӨӨ САЯСИЙ ИЗИЛДӨӨНҮН ОБЬЕКТИ....................58

***Калиев А. С.***
ИССЛЕДОВАНИЕ МЕЖЭТНИЧЕСКИХ ОТНОШЕНИЙ КАК ОБЬЕКТ ПОЛИТИЧЕСКОГО ИССЛЕДОВАНИЯ...............58

***A.S. Kaliev***
STUDY OF INTERETHNIC RELATIONS AS AN OBJECT OF POLITICALSTUDIES..........58

***Анарбекова В. Э.***
АКСЫЛЫК КЫРГЫЗДАРДЫН УЛУТТУК-БОШТОНДУК КҮРӨШКӨ ЧЫГУУ СЕБЕПТЕРИ (Кошоктор материалында).........................................61

***Анарбекова В. Э.***
ПРИЧИНЫ НАЦИОНАЛЬНО-ОСВОБОДИТЕЛЬНОЙ БОРЬБЫ АКСЫЙСКИХ КЫРГЫЗОВ (На материале причитаний)...............61

***V. E. Anarbekova***
REASONS FOR NATIONAL LIBERATION MOVEMENT OF AKSY KYRGYZ (On the basis lamentations)..........................................61

***Отамбаев Т. А.***
XX КЫЛЫМДЫН 20- ЖЫЛДАРЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТҮЛҮГҮНҮН КАЛЫПТАНЫШЫ

***Отамбаев Т. А.***
СТАНОВЛЕНИЕ КЫРГЫЗСКОЙ ГОСУДАРСТВЕННОСТИ В 20-Е ГОДЫ XX СТОЛЕТИЯ..............................................

***T. A. Otambaev***
FORMATION OF KYRGYZ STATEHOOD IN THE 20-IES OF XX CENTURY.....................

***Авазов Э. А.***
АНЖИЯН КӨТӨРҮЛҮШҮНҮН АЙЛАНАСЫНДАГЫ АЙРЫМ ПИКИРЛЕР

***Авазов Э. А.***
НЕКОТОРЫЕ МНЕНИЯ ВОКРУГ АНДЖИАНСКОГО ВОССТАНИЯ..........

***E. A. Avazov***
SOME OPINIONS AROUND THE ANDIJAN UPRISING.....................

***Авазов Э. А.***
КЫРГЫЗСТАНДАГЫ 1916-ЖЫЛДАГЫ КӨТӨРҮЛҮШТҮН АВТОНОМИЯ ЖЫЛДАРЫНДА ИЗИЛДЕНИШИ.........

***Авазов Э. А.***
ИССЛЕДОВАНИЕ ВОССТАНИЯ 1916 ГОДА В КЫРГЫЗСТАНЕ В ГОДЫ АВТОНОМИИ

***E. A. Avazov***
RESEARCHING UPRISING OF 1916 IN KYRGYZSTAN IN THE YEARS OF AUTONOMY

***Бадалова К. Э.***
2010-ЖЫЛДЫН ИЮНЬ КООГАЛАҢЫНЫН КЕЛИП ЧЫГЫШЫНЫН СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК ТҮПКҮ СЕБЕПТЕРИ

***Бадалова К. Э.***
КОРЕННЫЕ СОЦИАЛЬНО-ЭКОНОМИЧЕСКИЕ ПРИЧИНЫ ВОЗНИКНОВЕНИЯ СОБЫТИЙ ИЮНЯ 2010-ГОДА..................................

***K. E. Badalova***
THE ROOT SOCIO-ECONOMIC CAUSES OF THE EVENTS OF JUNE 2010 YEAR

***Жусупбаева Г. И., Мамытова А. К.***
ЖАШЫЛ КООЗ КОНУЗ (CALOSOMASYCOPHANTAL.) ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ......................................

*Анарбекова В. Э.*

# АКСЫЛЫК КЫРГЫЗДАРДЫН УЛУТТУК-БОШТОНДУК КҮРӨШКӨ ЧЫГУУ СЕБЕПТЕРИ (Кошоктор материалында)

*Анарбекова В. Э.*

# ПРИЧИНЫ НАЦИОНАЛЬНО- ОСВОБОДИТЕЛЬНОЙ БОРЬБЫ АКСЫЙСКИХ КЫРГЫЗОВ (На материале причитаний)

*V. E. Anarbekova*

# REASONS FOR NATIONAL LIBERATION MOVEMENT OF AKSY KYRGYZ (On the basis lamentations)

*УДК: 070007*

*Бул макалада кыргыз элинин 1916-жылдагы улуттук-баштондук күрөшүндө азаттыкка болгон ынтызары кошок ырларынын мисалында каралат.*

***Негизги сөздөр:*** *кошок, улуттук боштондук күрөш, азаттык идеясы, падышачылык Россия, салык.*

*В этой статье излагается идея свободы кыргызского народа за национально-освободительтное движение в 1916 года, на примере причитаний.*

***Ключевые слова:*** *причитания, нсиснально-освободительное движение, идея свободы, царственное Россия, налсг.*

*In this article the idea of freedom of the Kyrgyz people for national - osvoboditeltnoe movement in 1916 year as an example of laments.*

***Key words:*** *lamentations, the national liberation movement, the idea of freedom, a royal Russia, tax.*

1916-жылдагы улуттук-боштондук кыймыл, анын изилдениши – кыргыз тарыхынын эң эле орчундуу маселелеринин бири. Ушул жагдайдан алып караганда алгачкылардан болуп илимий айлампада бул маселени кошоктордун мисалында кароону чечтик.

Кошок ырларында бири-бирине кыттай ширелген бай фактылары менен ошол кездеги аймактын элинин турмушун аябагандай таасирдүү сүрөттөгөн. Эгер көркөм адабиятта мындай абал романтикалуу берилсе, жоктоолордо кыпындай фактыларды куроо чеберчилигинен улам реалдуу, ачуу чындык көз алдыга элестейт.

Анткени, окуянын терең изилденгени, келтирилген фактылардын, документалдык материалдардын көптүгү жана ирээттүү тизмектелгендиги кошоктун баалуулугун арттырып, кандайдыр бир деңгээлде бул багыттагы изилдөөлөргө жол салгандай болот.

Алаамат күндө зорлонсо,
Айлыбыз аман калбайбы.
Артындан кууган солдаттын,
Алдынан кыргыз торгосо,
Баатырды бали дебейби [11, 83] -

1916-жылдагы көтөрүлүш Туркстанды орусташтыруу–колониялык-улутчул саясаттын негизи катары XX кылымдын башында мурдагыдан да күч алган. 1911-жылы 31-октябрындагы чөлкөмдүн генерал-губернаторунун областтык аскер губернаторлорго, "Жергиликтүү элбизди келечектеги орус дыйкандарынын ишин жасай турган материал катары кызыктырат, ошондуктан аларга бүт орустарды сыйлоону канына сиңдирүү керек, эгерде кимде-ким баш ийгиси келбесе жеринен ажырап, жакырчылыктан өлөт же Россия алар менен кош айтышат", деген көрсөтмө күбө [1, 257-258].

1913-ж Кыргызстандын калкынын саны 864 миңге жеткен. Бул 1897-жылга салыштырганда 30% көптүк кылган. Бирок, кыргыз калкы 1902-жылдан 1913-жылга чейин 8,9%га азайган. Мунун эсесине келгин орустардын саны 10%га көбейген. Көчүп келген дунгандардын саны сегиз миңдей болгон [13, 247].

1914-жылы башталган дүйнөлүк биринчи согушка Россиянын катышуусу, ансыз деле эзилип, кыйналып турган колониялык элдин башына түшкөн мүшкүл болгон. Кыргыздар да жалпы түшкөн кыйынчылыктан четте калбастан согушка акча, кийим-кече, атчан аскерлер үчүн кыргыз жылкыларын жөнөтүп турган. 1916-жылдын 25-июнундагы падышанын Туркстан элдеринен аскердик курактагы (19дан 43кө) эркектерди согуштук кара жумуштарына алуу жөнүндөгү указы, ансыз да падышачылыктын эзүүсүнө, кемсинтүүлөрүнө, жеринен ажырагандыгына араң чыдаган элди биротоло дүрбөткөн [13, 258].

Падышанын жогорудагы буйругу боюнча Туркстандын Сыр-Дарыя областы 60 миң, Самарканд областы– 32470, Фергана областы -51233, Жети-Суу областы – 43 миң кишини жөнөтүүгө милдеттендирилген. Указ боюнча Түркстан крайынан 250 миң адам алынмак болгон [4, 337].

Мурдатан эле колониялык эзүүнүн запкысы жанына баткан эл эми колго курал алып, ачыктан-ачык боштондук күрөшкө көтөрүлүүгө аргасыз болгон. Көтөрүлүш 1916-жылдын 4-июлунда Самарканд областынын Кожент шаарында башталып, тез арада Сыр-Дарыя, Фергана областтарына тараган. Фергана областындагы июль айындагы көтөрүлүшкө кыргыздар активдүү катышкан. Анжиян уездинин калкы чечкиндүү аракеттер менен падышанын указын аткаруудан ачык эле баш тартышып, атайын түзүлгөн тизмелерди жок кылышкан. Бийлик өкүлдөрүнө, падыша чиновниктерине кол салышкан. Көтөрүлүшкө Кокон, Наманган уезддериндеги тоолук кыргыздар да активдүү катышышкан. Наманган уездиндеги

көтөрүлүшкө Таласбай Алыбаев жетекчилик кылган [13, 258].

Ушул эле жылы Аксы аймагында орус көпөсү бир кыргызды атып салганын согуштун ардагери Б.Жумашов, Нарке уулу Анарбек атасынан укканын жана 1916-жылдагы көтөрүлүшкө «Кызыл жарлык Таласбай Алыбаев менен бирдикте Жумаш, Бектен, Нарке, Чонор, Чоробай сыяктуу эр азаматтар, ошондой эле кытай, кырк уул жана багыш, мачак, саруу, чүкө, ашык уруулары орус падышасынын аскерлери менен согушкан. Согуштук аракеттер тең келбегендиктен аксылык кыргыздар жан сактоо үчүн Бозбу, Кызыл-Капчыгай, Алаң аскасына качууга аргасыз болушкан жана эң айыгышкан салгылашуу Кара-Суудагы Түрдүк капчыгайында болгонун» - айтып эскерет [6, 2004]. Малыматтарга караганда, Кызыл-Жар болуштугунан 400 адамды тыл жумуштарына алууга туура келген [2], демейде бул аракетке Т. Алыбаев баш болгондор каршы чыккан. Бул тек гана шылтоо болуп берген. Айрыкча элдин эскерүүсүндө, Түрдүктүн сайында чоң салгылаш болгон, ал жерде күнү бүгүн да коргонуу үчүн курулган таштын ордулары турат. Ал эми Авлетимде да орус падышасынын тыл жумуштарына каршы чыгып, жигиттер Мечиттин үңкүрүндө, Алаң, Муз-Төр тарапта каршылык көрсөткөнүн укканын А. Алымбаев [5, 2004] эскерет. Ошол убактагы окуя тууралуу:

Түрлүк менен Сарайда,
Жалын менен от болду.
Орустан элди коргойм деп,
Алыбай уулу кор болду,
Оттуу жигит жок болду [6, 2004] - деген кошоктордо кедейлердин арманын, муңун Нарке Анарбек деген аксакалдан жазып алгандыгын Наркеев Сапаралы өз диссертациялык ишинде мисал келтирген. Аксылыктардан болуш, манаптар айрыкча Кара-Суу жайлоосуна көчкөн кыргыздардан көчүү салыгын алган, анткени, Кожо-Ата суусунан малын айдап өткөндө малдын туягынан 50 тыйындан акча салык алышып элди кыйнаган, байлардан алынган эмес. Андан башка Сатыбай Дөөлаталиевдин: «Кулманбет 1916-жылы Нуралы сүткордун 16 сомун төлөй албай 1 гектар жерин ага берген, өзү менди керге түшкөн жана Карасуудан эле оорук жумуштарына миңден ашык адам кеткен» - депайтат [14, 245]. Ал эми К.Усенбаевдин эмгегинде Кызыл-Жар болуштугуна караштуу Чины (Сыны) айылынын тургуну, кедей Таласбай Алыбаев элди ачык эле күрөшкө чакыргандыгы берилген. Алар орустардын башкаруучуларына баш ийген эмес, башкача айтканда болуштарга каршылык көрсөтүп, орус жазалоочу аскерлеринен коргонуу үчүн .бийик тоолуу Түрдүк жайлоосундагы Сарай деген өрөөнгө качып кетишет.

Элдик маалыматтарда айтылгандай, Наманген уездинен Авлетим айылына 30 орус казак аскери келген. Алардын башкы максаты - элди тынчтандыруу болгон. Анткени, Авлетим айылында Баранский деген орус жердин баарын ээлеп алган, жайлоолорду корукка алып алат. Каршылык кылгандар тоо таянып кеткенге аргасыз болушкан. Ошол эле Т. Алыбаев орустун куралдуу аскерине туруштук бере албай, Сарай тоосуна жашынган.

Ал жерде кышка чейин болот, кышында аларды орус жазалоочу аскерлери колго түшүрүп, анын ишенимдүү адамдары Чыныкбай, Саркулду кармап алышып, өтө ырайымсыздык менен өлгөнчө тепкилеген [12, 167]. Анын жигиттеринин курамы алгач 30, кийин 100-150 гө жеткен. Ал эми Чонор, Чоробай, Жумаш, Наркелерди Алымкул болуш жазалаган жана өлөрчө сабашкан. Ошол эле учурда Т. Алыбаевди Алымкул болуш Шералы деген жигитине тепкилетип, сабатып кыйноо менен өлтүрткөн. Аксы аймагына бери эле дегенде 100дөн ашык орус аскери Намангандан келген, ал эми Кара-Суу болуштугуна - 30, Сыныга - 30, Жаңы-Жолго - 30, ал эми жергиликтүү старчын, жигиттери менен жүз адам болгон, алар каршылык көрсөткөн кыргыздарды талкалашып, жазалаган. Т. Алыбаев Чонор аттуу бир жигитин Кетмен-Төбөлүктөргө жөнөткөн. Себеби, алар менен биргеликте оруска каршы күрөшүү, андан Талас кыргыздарына, андан Чүй жана Нарын, Ысык-Көл кыргыздары менен биригүү керектигин чабарманларынан айтырууга аракеттер болгонун элдик айтымдар ырастайт, ошондой эле бул ойду ЧүкөтаевТаанбайдын айткандары да маалымдайт [14, 249]. Демек, аксылыктар боштондук күрөштүн башында болгон жана эл эркиндиги үчүн күрөшкөн. Элдин азаттык үчүн күрөшү оторчулар тарабынан куралдын күчү менен басылган.

Түштүк кыргыз жеринин аймагындагы элдик көтөрүлүш негизинен бир аз чачкын күрөшүү менен гана чектелип, жеңилген. Көтөрүлүштүн жетекчилери жана катышкандар жазаланып соттолгон, атылган.

Кыргыздар орус бийлигине ар тараптуу каршылык көрсөтүшкөн. Боштондук кыймылы Кетмен-Төбөгө, Чаткалга, Тогуз-Торо өрөөндөрүнө тараган. Ош уездиндеги көтөрүлүш Сулайман тоосунун этегинде 10 миңдей адам катышкан жыйын менен июль айынын башында башталган. Өзгөндөгү көтөрүлүш да курч мүнөздө өткөн. Август айына карата Кыргызстандын түштүгүнүн көпчүлүк бөлүгү көтөрүлүшкө тартылган [13, 258].

Баштагы көчүп келгендер башкармасынын маалыматтары боюнча 1915-жылы Кыргызстандын Фергана бөлүгүндөгү 82 миң тешеге чейин жер ээленип, ал жерде 50гө жакын орус кыштактары түзүлгөн.

Көчүп келгендер ээлешкен жерлерден тышкары, бир кыйла аймак кыргыздардан казна-обороттук статьяларды мамлекеттик фондусуна алынган. 1916-жыл алдында Кыргызстанды колониялаштыруу бөтөнчө катуу жүргүзүлгөн болчу. Колониялаштыруу убагында жергиликтүү кыргыздарга алар байыр алган жерлерди, курулуштарын, айдоо жерлери жана жайыттарын сактап калуу божомолдонгону менен, кийин мамлекеттик маанилүү же көчүп келгендерге ыңгайлуу ж.б. шылтоолор менен бул аймактарды администрациялык басып алуулар барган сайын көбөйө берген.

... келишкен орустардын 50 процентке ... батрактарды жалдашкан; кыргыз манап-... ...ларды жалдап турушкан. Негизинен бара-... ...леринен айрылышкан, малы жокко эсе ... жембагалдары, жаңы көчүп келишкен орус-... ...рым-жартылай батрак болуп жалданышкан. ...лык бийликтин бүткүл колониялык иши ...туу болуштардын, айыл старчындарынын ... бийлеринин (сотторунун) чектелбеген зомбу-... жана кыянатчылыгы, ошону менен бирге көч-... ...ты аёосуз тоноп алып турушкан падышалык ...лар жана уезддик начальниктер тарабынан ...үлгөн [14, 7].

1916-жылдын алдында жиктелүү процесси жана ...ленген экономикалык тайпалар, ошондой эле ... түзүлүштүн феодалдык-уруулук чектери-... бузулушу мурдагыдан да кескин көрүнөт. Байлер жалаң гана мүлктүү элементтерден ...уучу, алар администрациянын жырткычты-... далдалашып, манаптарды колдошчу жана ...ышкан эки тарапты тең тоноп алып, манап-... ...ын пайдасына чечим чыгаруучу. Падышалык ...нистрациянын адам чыдагыс эзүүсү, колония-... ...тыруунун натыйжасындагы кысымга алуулар, ...ор капиталдын жана өзүнүн мүлктүү төбөлдө-... ...е эзүүсү кыргыз калкынын кеңири катмарынын ...сында терең наразылыкты пайда кылган, бул ...разылык кыргыз эмгекчилеринин 1916-жылдагы ...өрүлүшүнө негиз түзгөн [14, 9].

Түштүк кыргыз жеринин бардык аймактары ...туу эле Аксы аймагында элдин наразылыгы ...н санап курчуган. Кыргыздардын майлуу, сүттүү ...йыт, айдоо аянттар орус келгиндеринин колуна ...өн. Аксынын Кара-Суу айылына караштуу Кожо-Ата айылынын аркы өйүзүндөгү, Кара-Гүп (Топ-Жаңгак) айылындагы Кожо-Ата дарыясынын жанындагы жалгыз түп жаңгактын жанына ар жылы бай-манаптар, бийлер жаз келгенде чогулуп алып, элден өз алдынча туяк пул, чыгым, кошумча, жардам деп кээде каалаган жакшы аттарын, семиз койлорун, жылкысын тартып алып турган, мындай көрүнүшкө эл наразы боло баштайт, акыры наразылык ачыкка чыгат [9, 2004]. Бул сыяктуу көрүнүш кыргыз калкынын наразылыгын күн санап күчөткөн. Орус келгиндери кыргыздардан алдын ала коргонуу максатында согушка даярданышып, орус келгиндерине курал тарката баштаган. 1891-жылы 29-ноябрда падыша өкмөтү келгин дыйкандарды куралдандыруу жөнүндө документ кабыл алат, 1897-жылы 1231 мылтык таратылат. Себеби орус тургундарын жана империяны коргоо керек (1891–1908-жылга чейин курал берилген) [3, 10-12]. Орус дыйкандарын куралдандыруу Анжиян көтөрүлүшүнөн кийин күчөгөн. Жети-Суулук келгиндерге 1898-жылы 300 мылтык ок даарысы менен таратылган [15, 56]. Демек, орус падышасы кыргыздардан коргонуу, кыргызды кырып-жоюу үчүн алдын ала даярдана баштаган. Ошондуктан бардык орус айылдарынын тургундарына курал таратылган, бул биринчиден орус бийлигинин коргонуу плацдармы болсо, экинчиден, кыргыздарды күч менен баш ийдирүүгө жасаган саясат болгон. Элдин арыз муңун түшүнгөн Нүзүп бийдин чебереси Бердикожо 22 жашында орус бийлигинин атайын даярдалган колунан каза болгон [10, 2004]. Мына ушул окуядан соң баласынын орус бийлигинин колунан өлгөнүн угуп азап чегип, кайгыдан Сулайманкул болуш ооруп калат да ошол жылы көз жумат. Ошондо анын Байыскан деген кызы төмөнкүдөй кошок кошот:

Он эки атам кан өткөн,
Ойлонбой баары даана эр өткөн.
Тогуздап атам кан өткөн,
Токтолбой баары даана өткөн.
Жети атам катар кан өткөн,
Жеткилең баары даана өткөн
Катарлап атам кан өткөн,
Кайраты журтка даана өткөн.
Кан атам кайрылып келсечи,
Орустун сазайын берсечи.
Жети атам кайрылып келсечи,
Орустун жетесине жетсечи. [8, 2004]

Наманган уездине караштуу Авлетим айылынан чыккан Нүзүп бийдин небереси Бердикожо орус мектебинде билим алып, андан кийин ал ушул уезддин 12 болуштун үстүнөн тескөөчү болуп иштеп жүргөндө, ал кыргыз элинин кызыкчылыгын көздөп орус келгиндеринин туура эмес иштерине каршылык көрсөтө баштаган. Кыргыздар аны колдоп турган. Натыйжада 1916-жылдары ал элдин абалын билүү үчүн өзү жашаган Сарай (бүгүнкү күндө бул аймак өзбек мамлекетине карайт) айлына келгенде Авлетимде ээлик кылган Баранский деген орус атайын бир орусту жалдап, Бердикожонун көзүн тазалоо максатында курал даярдап, Авлетим айылынын Арал деген жеринде Бердикожону Баранскийдин адамы атып өлтүрөт. Жергиликтүү кыргыздар көтөрүлүп кетпесин деп элди токтотуу максатында орус бийлигинин өкүлү Баранский Бердикожону атып өлтүргөн орусту дароо атып өлтүрөт [7, 2004]. Натыйжада канга-кан деген шылтоо менен орус бийлиги Авлетим айылынын жашоочуларын тынчтандырат.

Өскөн-өнгөн Ала-Тоо,
Өз үйүңдү сагынып.
Какшаалда калды далай кыз,
Кап эгинге сатылып.
Караанын көрсөң балдардын,
Кайгырып ыйлап жашыдык [11, 106].

Биздин изилдөөбүз кошок ырларында орус бийлигин сындагын, тескери жактарында ачык көрсөткөн ырлар аркылуу көрсөткөнгө аракеттендик. Элдик оозеки чыгармалар аркылуу орус бийлигин отордук саясатын изилдөө буга чейин болуп келген, мындан ары да боло берет деген ойдобуз.

Кыргыздар жана ага жамаатташ жашаган элдердин Жаңы доордогу тарыхы улуттук, элдик боштондук күрөштөргө өтө бай экендиги маалым. Алардын тарых илиминин жетишкен ийгиликтеринин контекстинде объективдүү баалоо изилдөөчүлөрдүн эмгектеринен мисал келтирилди. Натыйжада кыргыз таануу илиминде танаалгыс тарыхый

фактыларга таянган илимий бүтүмдөр, тыянактар чыгарылган жана мындай факты кошок ырлары аркылуу дагы бир ирет тастыктылды.

**Адабияттар:**


1. Асанканов А., Осмонов О. Ж. Кыргызстан тарыхы (эң байыркы доордон азыркы мезгилге чейин). Б., 2001.
2. Акт. № 322.от/VII.1989. Ош. обл. музейи. № 1246. ЦГА,Узб.ССР, ф.1.04.31.
3. Галузо Г. Вооружение русских переселенцев. Ташкент, 1926.
4. История Киргизской ССР. Фрунзе,1986..
5. Информатор. Алымбаев А. Аксы району. Авлетим айылы, 2004-жыл.
6. Информатор. Анарбек Нарке уулу. Аксы району. Кара-Суу айылы, 2004-жыл.
7. Информатор. Атантаев Темирбек. Аксы району. Авлетим айылы, 2004-жыл.
8. Информатор. Акулов Темиш. Аксы району. Кербен шаары, 2004-жыл.
9. Информатор. Дөөлөталиев Ж. Аксы району. Кара-Суу айылы, 2004-жыл.
10. Информатор Жусупов (Нүсүп бийдин небереси ). Аксы району. Авлетим айылы. 2004-жыл.
11. Тарыхый ырлар, кошоктор жана окуялар. "Эл ада. ' яты сериясы". 19 том. Бишкек.:Шам. Баш сөзүн жазгандар С. Егембердиева., А. Акматалиев.
12. Усенбаев К. Восстание 1916 года в Киргизии. Ф.,1967.
13. Осмонов Ө. Ж., Асанканов А. А. Кыргызстан тарыхы (эң байыркы доордон азыркы мезгилгечейин). Жогорку окуу жайлары үчүн окуу китеби. Бишкек, 2001.
14. 1916-жылкы Кыргызстандагы көтөрүлүш. Документтер жана материалдар, эскерүүлөр. Л. В. Лесная тарабынан жыйналган документтер жана материалдар. Бишкек.: Кыргызстан, 1996.
15. Чүй областынын энциклопедиясы. Бишкек, 1994
16. Үркүн. Бишкек, 1993.


**Рецензент: к.и.н., доцент Маматов А.**